КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
БАКАЙ-АТА РАЙОНУ КЕҢ-АРАЛ
АЙЫЛДЫК
АЙМАКТЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
БАКАЙ-АТИНСКИЙ РАЙОН
КЕН-АРАЛЬСКИЙ АЙЫЛЬНЫЙ
АЙМАКСКИЙ КЕНЕШ

# ТОКТОМ

**2023-жылдын 2-октябры №1** **Кең-Арал айылы**

## Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 29-августундагы "Элдик Курултайды чакыруу жөнүндө" ПЖ №215 Жарлыгын аткаруу жөнүндө

Депутаттардын Кең-Арал айылдык аймактык кеңешинин VIII чакырылышынын кезексиз 16-сессиясы, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 29-августундагы "Элдик Курултайды чакыруу жөнүндө" ПЖ №215 Жарлыгын аткаруу жөнүндөгү маселени карап чыгып, талкуулап **токтом кылат:**

1.Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 29-августундагы "Элдик Курултайды чакыруу жөнүндө" ПЖ №215 Жарлыгы аткарууга алынсын.

2.2023-жылдын 15-декабрында Кыргыз Республикасынын борбору Бишкек шаарында Элдик Курултай чакырылгандыгы эске алынсын.

3.Жергиликтүү Курултайды даярдоо жана өткөрүү боюнча негизги уюштуруу-практикалык иш-чаралардын календардык планы 1-тиркемеге ылайык бекитилсин.

4.Жергиликтүү Курултайды уюштуруу жана өткөрүү боюнча жумушчу топтун курамы 2-тиркемеге ылайык бекитилсин.

5.Календардык планга ылайык Жергиликтүү Курултайды өткөрүү күнү 18-ноябрь, Жергиликтүү Курултайдын делегаттарынын саны 40 деп белгиленсин.

6.Жергиликтүү жамааттардын жыйындары 16-октябрдан 21-октябрга чейин өткөрүлсүн.

7.Ушул токтом менен бекитилген Жергиликтүү Курултайды уюштуруу жана өткөрүү боюнча негизги уюштуруу-практикалык иш-чаралардын календардык планына жараша өз мөөнөттөрүндө аткаруу боюнча конкреттүү чаралар көрүлсүн.

8.Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагын өзүмө калтырам.

**Төрага** **Б.Токонов**

**1-тиркеме**
**Кең-Арал айылдык кеңешинин 2023-жылдын 2-октябрындагы №1 токтому менен бекитилген**

**Жергиликтүү Курултайды өткөрүүнү уюштуруу жана өткөрүү боюнча негизги уюштуруу-практикалык иш-чаралардын календардык планы**

| № | Иш-чаралардын мазмуну | Өткөрүү убактысы | уюштуручулар | Негиз/ эскертме |
|---|---|---|---|---|
| | **Элдик Курултайдын делегаттарын жергиликтүү жамааттардан шайлоо** | | | |
| 1. | Жергиликтүү кеңеш тарабынан Элдик Курултайдын делегаттарын шайлоо боюнча өкүчүлүктүү жыйындар (мындан ары- өкүлчүлүктүү жыйындар) жөнүндө чечимди сессияда кабыл алуу:<br>-өкүлчүлүктүү жыйындын убактысын жана өтүүчү жерин аныктоо;<br>-өкүлчүлүктүү жыйынга катышуучу өкүлдөрдүн санын бекитүү;<br>-өкүлчүлүктүү жыйындарды өткөрүү боюнча жергиликтүү жамааттарды тиешелүү аймактык бөлүктөргө бөлүү ченемдери (нормасы);<br>-жыйындарды өткөрүү графигин бекитүү;<br>-өкүлчүлүктүү жыйынды өткөрүүгө жооптуу жергиликтүү кеңештин депутаттарынын тизмесин бекитүү;<br>-өкүлчүлүктүү жыйынды уюштуруу жана өткөрүү боюнча жумушчу топтун курамын бекитүү | 2023-жылдын 6-октябрына чейин | Айылдык кеңеш | |
| 2. | Өкүлчүлүктүү жыйынга катышуучу өкүлдөрдү көрсөтүү боюнча жергиликтүү жамааттардын жыйындарын өткөрүү | 2023-жылдын 20-октябрынан 21-октябрына чейин | Айылдык кеңеш | |
| 3. | Өкүлчүлүктүү жыйындын катышуучуларын көрсөтүү боюнча жамааттардын жыйындарынын протоколдорун жана өкүлдөрдүн анкеталарын чогултуп жалпылоо | Комиссиялар түзүлгөн учурдан тартып 2023- | Жумушчу топ | Бекитилген график боюнча |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | жылдын 23-25-октябрына чейин | | |
| 4. | Өкүлчүлүктүү жыйындын катышуучуларынын тизмесин тактоо, сапаттык жана тармактык курамы боюнча маалымат даярдоо, ошондой эле өкүлчүлүктүү жыйындын күн тартибинин жана өткөрүү тартибинин долбоорлорун даярдоо | 2023-жылдын 14-ноябрына чейин | Өкүлчүлүктүү жыйындарды уюштуруу жана өткөрүү боюнча жумушчу топ | |
| 5. | Элдик Курултайдын делегаттарын шайлоо боюнча өкүлчүлүктүү жыйындарды өткөрүү | 2023-жылдын 18-ноябры (ишемби) | Өкүлчүлүктүү жыйындарды уюштуруу жана өткөрүү боюнча жумушчу топ | |
| 6. | Өкүлчүлүктүү жыйындардын Элдик Курултайдын делегаттарынын тизмелерин шайлоо тууралуу протоколдору жана толтурулган анкеталарды уюштуруу комитетине жөнөнтүү | 2023-жылдын 24-ноябрына чейин | Өкүлчүлүктүү жыйындарды уюштуруу жана өткөрүү боюнча жумушчу топ | |

**Жооптуу катчы** **Н.Бейшеналиева**

**2-тиркеме**
**Кең-Арал айылдык кеңешинин**
**2023-жылдын 2-октябрындагы**
**№1 токтому менен бекитилген**

**Элдик Курултайга делегаттарды шайлоону даярдоо жана өткөрүү боюнча жумушчу топтун курамы**

1.1.Б.Токонов-айылдык кеңештин төрагасы, жумушчу топтун төрагасы;
1.2. К.Кузебаева-Т.Алымкулов атындагы балдар бакчасынын директору, жумушчу топтун орун басары;
1.3. Н.Бейшеналиева-айыл өкмөтүнүн жооптуу катчысы, жумушчу топтун катчысы

Жумушчу топтун мүчөлөрү:
1.4.Н.Сулайманкулова-айылдык кеңештин төрагасынын орун басары;
1.5. Ж.Төлөгөнова -айылдык кеңештин депутаты;
1.6. Д.Алымкулов -айылдык кеңештин депутаты;
1.7. А.Анарбаева -айылдык кеңештин депутаты;
1.8. Г.Сооронкулова -айылдык кеңештин депутаты;
1.9. Р.Сүйүнбаев -айылдык кеңештин депутаты.
1.10. О.Жамангараев -айылдык кеңештин депутаты.
1.11.Улукбек уулу И. -айылдык кеңештин депутаты.
1.12.А.Карабаев -айылдык кеңештин депутаты.
1.13.А.Усенбеков -айылдык кеңештин депутаты;
1.14.Т.Жанышбекова -УДТ №5 мед.айым.
1.15. Б.Азаматов -А.Арыстанов о/м мугалими;

**Жооптуу катчы** **Н.Бейшеналиева**

“БЕКИТЕМ”

Кең-Арал айылдык
кеңешинин трагасы
__________ Б.Токонов
02.10.2023.

Жамааттарда жыйындарды/чогулуштарды өткөрүү графиги

| № к/н | Жамааттардын аталышы | Делегаттардын саны | Өткөрүү күнү | Орду |
|---|---|---|---|---|
| 1. | Кең-Арал айыл аймагынын калкы | 40 | 20.10.2023 14-00 | Клуб |

Жооптуу катчы Н.Бейшеналиева